| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-5** **12-июнь 2026-жыл**

## Сметага өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 4-июнундагы чыгыш № 01-23/1231 сандуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы № 10 протоколунун негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешининин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын берген маалыматы эске алынсын.
2. Жергиликтүү бюджеттин 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен киреше салыгынан ашыкча түшүүчү 1200,0 миң сом акча каражаты төмөндөгү зарыл чыгымдарга сарпталсын:
    1) Аппарат бөлүмүнө сапар чыгымдарына 50,0 миң сом;
    2) Маданият үйүн оңдоо, сырдоо иштерине 50,0 миң сом;
    3) Күтүлбөгөн чыгымдарга 115,0 миң сом;
    4) Лизинг аркылуу алынган эксковатордун 3-квартал төлөмүнө 935,0 миң сом;
    5) Бала бакчаларга ата-энелер төлөмүнө 2680,0 миң сом;
    6) Муниципалдык ишканага мектеп, бала-бакчалардын таштандыларын чыгаруусу үчүн 50,0 миң сом.
3. Мектеп жана бала бакчаларга көмүргө берилген акча каражаттан үнөмдөлүп жаткан 934,5 миң сом акча каражаты төмөндөгү зарыл чыгымдарга сарпталсын:
    1) “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасына таштанды чыгаруу чыгымдарына 300,0 миң сом;
    2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгынын 4-пунктуна ылайык айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин жумушунун татаалдыгын эске алуу менен ар ай сайын негизги эмгек акы (негизги оклад) төлөмдөрүнө 634,5 миң сом.
4. Республикалык бюджет эсебинен “Максаттуу трансферттен” 6619,5 миң сом айылдардын башкы планын жасатууга келген акча каражаты Аппарат бөлүмүнүн 2215 “Түрдүү чыгымдар” беренесине которулсун.
5. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошовага милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

7. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**